**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**"Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий- билим берүү өндүрүштүк комплекси**

**Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган**
**Протокол № 5**
**"31" 01 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы ЖАМУн ректору, т.и.д., профессор**
**К.Ж.Усенов**
**" " 2025-ж.**

Илимий мектеп жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы бөлүк
1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинде же андан сырткаркы аспиранттардан, магистранттардан куралып бир же бир нече илим изилдөө темалар боюнча иштеген топ илимий мектеп (мындан ары ИМ) катары каралат.
1.2. (ИМ) теманын багыттарына жараша бир же бир нече жетекчиси болушу мүмкүн.
1.3. (ИМ) бир нече темалар боюнча иш алып барган учурда, бул темаларды жалпылаштырып бириктирген жалпылоочу теманын болушу шарт.
1.4. (ИМ) жалпылоочу теманы жетектеген жалпы жетекчинин ЖАМУда толук штаттык бирдикте эмгектениши негизги шарт.
1.5. (ИМ) өз ишмердүүлүгүн КРнын мыйзамдарына жана нормативдик актыларынын негизинде жүргүзөт.
1.6. (ИМ) ушул Жобого ылайык ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин чечими менен түзүлүп, Ректордун буйругу менен бекитилип, атайын сертификат менен тастыкталат.
1.7. (ИМ) негизги максаты белгиленген багыттар боюнча илимий кадрларды даярдоо болуп эсептелет.
2. Илимий мектептин структурасы жана анын ишмердуулугу
2.1. (ИМ) өз ичине багыттар боюнча бир нече илимий лабораторияларды камтышы мүмкүн.
2.2. (ИМ) курамында жок дегенде бир илимдин доктору жана анын жетекчилигинде же чектеш багыттардагы башка илимий мектептерден даярдалып келген эки илимдин кандидатынын болушу негизги шарт.
2.3. (ИМ) ишмердүүлүгү атайын түзүлгөн иш-мерчемдин негизинде жүргүзүлөт.
2.4. (ИМ) ишмердүүлүгү Университеттин Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректорунун көзөмөлүнүн негизинде жүргүзүлөт.
2.5. (ИМ) өз ишмердүүлүгүн ар кандай мекемелер, уюмдар, жеке адамдар менен өз алдынча же университет тарабынан түзүлгөн атайын келишим-дердин негизинде жүргүзө алат.
2.6. (ИМ) ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү катары төмөндөгүлөр эсептелет:
-Туруктуу иштөөчү илимий семинар, иштөө графиги (ИМ) тарабынан аныкталат;
-Илимий конференцияларды, симпозиумдарды, тегерек столдорду өткөрүшү жана катышышы;
-Мүчөлөрүнүн импакт-факторлору нөл болбогон мезгилдүү илимий басылмаларда (РИНЦ, Scopus ж.б.) илимий макалаларды жарыялашы;
-Илим изилдөө иштердин жыйынтыктары боюнча илимий монографияларды чыгаруу;
-Жүргүзүлгөн иштердин практикалык колдонулушу же фундаменталдык изилдөөлөрүнүн тереңдиги;
-(ИМ) темасынын актуалдуулугу.

3. Илимий мектепти каржылоо

3.1. (ИМ) жүргүзүлгөн илим-изилдөө жумуштары, университеттик, эл аралык же мамлекеттик гранттар, жеке адамдар (спонсорлор, меценаттар) аркылуу каржыланат.

3.2. Университет тарабынан каржылануучу илимийизилдөө темалардын актуалдуулугу, практикалык колдонмо маанилери негизделген учурда гана Окумуштуулар Кеңешинин (мындан ары ОК) чечими менен жүргүзүлөт.

3.3. Тема боюнча орчундуу илимий иштерди жүргүзгөн (ИМ) мүчөлөрүнө ОК чечими менен жылдык же бир нече айларга стипендиялар дайындалат. Стипендияларды дайындоонун алдында илимий иштер атайын экспертизадан өткөрүлөт.

3.4. Илим изилдөө иштердин актуалдуулугуна жараша, негизделген шартта, (ИМ) лабораториялары Университет тарабынан атайын приборлор, каражаттар менен камсыздалат, же, КРнын өкмөтү тарабынан каржылоо суралат.

3.5. (ИМ) Университет тарабынан каржыланган финансылык ишмердүүлүгү Университеттин ОК-и тарабынан каралат жана бекитилет.

3.6. (ИМ) илимий жыйынтыктарынын жана каржылык жумшоолорунун отчеттору да ОК тарабынан кабыл алынат.